DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2023

*Уметов К.А.*

# МАМЛЕКЕТТИК ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК: ААЛАМДАШУУ ШАРТЫНДАГЫ МАЗМУНУ

*Уметов К.А.*

# ГОСУДАРСТВЕННЫЙ СУВЕРЕНИТЕТ: СОДЕРЖАНИЕ В КОНТЕКСТЕ ГЛОБАЛИЗАЦИИ

*K. Umetov*

# STATE SOVEREIGNTY: CONTENT IN THE CONTEXT OF GLOBALIZATION

*УДК: 342.1*

*Автор өзүнүн илимий макаласында мамлекеттик эгемендүүлүк түшүнүгүндөгү: эгемендүүлүктү абсолюттук түрдө көрсөткөн классикалык аныктамалардан тарта, аны заманбап агымга карай дүйнө жүзүндө бүгүнкү күндө керексиз болуп бара жаткан түшүнүк катары каралган теорияларга чейинки чечмеленишин карайт. Ошондой эле автор мамлекеттин негизги менчиги катары эгемендүүлүк түшүнүгүнө талдоо жүргүзүү менен мамлекеттик бийликтин менчиги болуп саналат деген пикирлерге каршылыгын көрсөтөт. Автор эгемендүүлүк мамлекеттин укуктарынын жана ыйгарым укуктарынын жыйындысына баш ийеби же болбосо укуктарга жана ыйгарым укуктарга ээ болуу үчүн расмий-юридикалык мүмкүнчүлүк гана болобу деген маселелерди талкуулайт. Ошону менен бирге эле автор эгемендүүлүктүн үстөмдүк жана көз карандысыздык, бөлүнбөстүк же бөлүнүүчүлүк сыяктуу маанилүү мүнөздөмөлөрүн кароого басым жасайт. Мамлекеттик институттардын ишмердүүлүгүнө байланыштуу ааламдашуунун өнүгүшүнүн натыйжасында эгемендүүлүктүн трансформациясын талдайт. Автор эгемендүүлүк абсолюттук эмес, салыштырмалуу, чектелген жана конвенциялык мүнөзгө ээ деген жыйынтыкка келет.*

***Негизги сөздөр:*** *мамлекет, мамлекеттик эгемендүүлүк, мамлекеттик бийлик, ааламдашуу, институттар.*

*В своей научной статье автор рассматривает интерпретацию понятия государственного суверенитета: от классических определений, абсолютизирующих суверенитет, до теорий, которые рассматривают его как понятие, которое сегодня становится все более ненужным в современном мире. Также автор, анализируя понятие суверенитета как основную собственность государства, указывает на противоречие с мнением о том, что государственная власть является собственностью. Автор обсуждает, подчиняется ли суверенитет совокупности прав и полномочий государства или является лишь формально-юридической возможностью для приобретения прав и полномочий. Однако автор также фокусируется на рассмотрении важных характеристик суверенитета, таких как доминирование и независимость, неделимость или делимость. Анализируется трансформация суверенитета в результате развития глобализации в связи с деятельностью государственных институтов. В научной статье автор приходит к выводу, что суверенитет не абсолютный, а относительный, ограниченный и конвенциональный характер.*

***Ключевые слова:*** *государство, государственный суверенитет, государственная власть, глобализация, институты.*

*In his scientific article, the author examines the interpretation of the concept of state sovereignty: from classical definitions that absolutize sovereignty to theories that consider it as a concept that is becoming increasingly unnecessary in the modern world today. Also, the author, analyzing the concept of sovereignty as the main property of the state, points to a contradiction with the opinion that state power is property. The author discusses whether sovereignty is subordinated to the totality of the rights and powers of the state or is only a formal legal opportunity to acquire rights and powers. However, the author also focuses on the consideration of important characteristics of sovereignty, such as dominance and independence, indivisibility or divisibility. The article analyzes the transformation of sovereignty as a result of the development of globalization in connection with the activities of state institutions. The author comes to the conclusion that sovereignty is not absolute, but relative, limited and conditional.*

***Key words:*** *state, state sovereignty, state power, globalization, institutions.*

Эгемендүүлүктүн салыштырмалуулугу анын тарыхый жана социалдык-маданий контекстке көз карандылыгы менен шартталган. Ар кандай доорлордо биз мамлекеттик эгемендүүлүктүн: эл аралык укук, адам укуктары, мамлекеттик институттар сыяктуу ар кандай чектөөлөрүн таба алабыз.

Ар бир доордо колдонулган терминдер сөздүн маани-маңызын туура так чалдырып бериши керек. А.Д. Урматова өзүнүн көз карашында: «Мезгилдин талабына ылайык колдонулуп жаткан заманбап мыйзамдардагы юридикалык терминологиянын ченемдик актылардын текстериндеги байланыштарынын ишке ашышы тууралуу иликтөө жүргүзүү аркылуу, мыйзам чыгаруу тексттеринин сапаттарына таасир этүүчү, жарандык укуктук ченемдик актылардагы юридикалык терминологияны унификациялоонун төрт аспектисин кароого болот:

1. андагы керектелген түшүнүктөрдүн терминдеринин маани-манызы боюнча төп келиши;
2. мыйзам тексттериндеги имплициттик;
3. мыйзам тексттериндеги баалоо түшүнүктөрүн колдонуу;
4. мыйзамдуулуктагы тилдик өлчөмдөр. Ушул сыяктуу ченемдик-укуктук актыларынын тексттеринде колдонулушу тилдик каражаттарды туура пайдалана билүүнүн жол-жобосу болуп саналат. Маселен, имплициттик проблема, ченемдик-укуктук актылардын тексттериндеги ачык-айкын эмес маалыматтарды, башкача айтканда, көмүскөлүүлүктүн бар болушу сыяктуу маселелерди камтыйт. Мисалы, жарандык мыйзамдарда мындай тилдик курулмалар тез-тезден колдонулат: «мыйзамда каралган башка жагдайларда», «эгерде мыйзам тарабынан башкача тартип аныкталбаса» башка маалыматтар да негизги булактар болуп калат.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Ченемдик-укуктук мыйзам актыларынын тексттеринде көптөгөн терминдер колдонулат, мисалы, «олуттуу зыян келтирүү», «шаан-шөкөт буюмдары», «ылайыктуу мөөнөттөр», «ылайыктуу баалар», «келишимдеги олуттуу бузуулар» сыяктуу көптөгөн терминдер өз ордуна жараша ылайыктуу колдонулуп келет.

Эгемендүүлүктүн мазмуну – башка социалдык-укуктук кубулуштар өз ара коомдук шарттуулукка жараша аныкталуусу менен ар бир жаңы доордо анын конвенциялуулугу жаңыланган. Ошондой эле эгемендүүлүк түшүнүгү мындан тышкары, өзүнө укуктук байланыштарды да камтыйт. Эгемендүүлүк түшүнүгүнө карата окумуштуулар арасында ар кандай ой-пикир, көз караштар айтылган» - деп белгилейт [1].

Маселен Француз теологу жана юристи Ж.Бодин 1576-жылы өзүнүн «Республика жөнүндөгү алты китеп» аттуу трактатында «Эгемендүүлүк» түшүнүгүн «Мамлекеттин абсолюттук үзгүлтүксүз бийлиги» катары мүнөздөгөн [2]. Кийинчерээк Дж. Франклин Ж.Боден тарабынан көтөрүлгөн көйгөйлөргө: «Саясий бийлик өзүнүн аймагында башка бийликтин бар экендигин моюнга албашы үчүн, анын ыйгарым укуктарынан жогору же ага барабар болушу керек болгон кандай артыкчылыктардын болушу керек?» - деген саптарга көңүл бурган [3]. Бул маселени чечүү менен Ж. Бодин:»функциясы боюнча да күчү боюнча да, убакыттын өтүшү боюнча да чектелбеген», «туруктуу жана абсолюттук бийликтин» зарылдыгы тууралуу өз жыйынтыгын чыгарган [4]. Ошондой эле, Ж. Бодин Эгемендүүлүктү мамлекеттик бийликтин менчиги катары кароо менен аны айрым «мамлекеттик бийлик тарабынан ошол учурда жана ошол Мамлекетте жүзөгө ашырылып жаткан укуктарга» теңеген [5].

Ошентип, Ж. Бодиндин эгемендүүлүккө карата берген аныктамасы азыркы учурдагы укуктук реалдуулукта эгемендүүлүктү аныктоо үчүн колдонулушу күмөндүү болгон.

Ал эми немец элинин мамлекет таануучусу Г. Еллинек мамлекеттин эгемендүүлүгүн: «өзүн-өзү аныктоодогу укуктук өзгөчө мүмкүнчүлүгү» деп чечмелеген [6]. Окумуштуунун пикири боюнча, ошол бийлик гана эгемендүү, ал өзүнөн башка эч кандай бийликти билбейт, ошондуктан жогорку жана көз карандысыз болуп саналат деп эсептейт.

Жогорудагыдай «эгемендүүлүк» түшүнүгүнүн ар кандай чечмеленишине карабастан, ал мамлекеттин сапаттык мүнөздөмөсү болуп саналат. Эгемендүүлүк мамлекеттин ичиндеги бийликтин үстөмдүгүнөн жана сырткы көз карандысыздыгынан көрүнөт. Эгемендүүлүк бирдиктүү көрүнүш, анткени, бир аймакта бирден ашык өз алдынча мамлекет жок болгондугуна байланыштуу, ошондой эле, эгемендүүлүк бөлүнгүс жана өз алдынча ээлик кылуудан ажыратылбайт, анткени, эгемендүүлүктөн ажыроо мамлекеттин өзүнүн жок болушуна алып келет. Эгемендүүлүк – бул ыйгарым укуктун жыйындысы эмес, ал мамлекеттин уникалдуу касиети, бийликтин өзү эмес, бийлик укугу болуп эсептелет. Ошол эле учурда:» Эгемендик бирдиктүү саясий уюм катары бүтүндөй мамлекетке таандык болуп саналат» [7].

Мамлекеттердин өз ара көз карандылыгынын заманбап шартындагы эгемендүүлүк абсолюттуулугу жөнүндө айтууга мүмкүн эмес. Эгемендүүлүктүн салыштырмалуулугу анын тарыхый жана социалдык-маданий контекстке көз карандылыгы менен шартталган. Биз мамлекеттик эгемендүүлүктүн ар кандай доорлордогу: Кудай, чиркөө, укук тартиби, эл аралык укук, адам укуктары, мамлекеттик институттар сыяктуу ар башка чектөөлөрүн көрө алабыз. Эгемендүүлүктүн мазмуну башка социалдык-укуктук кубулуштар менен, коом менен болгон өз ара шарттуулугу менен аныкталат жана анын конвенциялуулугунун көрүнүшү ар бир жаңы доордо жаңыланат.

Андыктан ааламдашуу доорунда мамлекеттик эгемендүүлүктүн кандай түрдө трансформацияланышын көрүүгө боло турганын карап көрсөк болот. Илимий изилдөөлөрдө ааламдашуу шарттарында мамлекеттин эгемендүүлүгү толугу менен эскирип, мамлекеттин ишмердүүлүгүнүн ар түрдүү чөйрөлөрүндө жүрүп жаткан ааламдашуу процесстери мамлекеттердин эгемендүүлүк процессине туура келбейт, ал эми, мамлекеттик эгемендүүлүктүн бара-бара «бүдөмүк» процесси – азыркы реалдуулукка шайкеш келген объективдүү жана прогрессивдүү процесс деген пикирлер көп кездешет [8]. Аталган көз карашты карманган окумуштуулар ааламдашуу – бул улуттук кызыкчылыктарын көздөгөн мамлекеттердин ортосундагы мамилелеринин жана моделинин анархиядан космосаясий демократияга чейин, башкача айтканда, «Гоббсиандык» моделинен «Бириккен Улуттар» баскычы аркылуу жаңы дүйнөлүк тартипке өтүүсү деп белгилешет. Ааламдашуунун мамлекеттин эгемендүүлүгүнө тийгизген таасири жөнүндө жогоруда айтылган ишенимдерди бир катар башка окумуштуулар талашып, ааламдашуунун өнүгүшү улуттук эгемендүүлүктүн чектелишине алып келбейт деп ырасташат [9,10].

В.С. Нурсесянцтын пикири боюнча: «заманбап интеграциялык процесстердин контекстиндеги адамдын табигый укуктарынын мамлекет алдындагы артыкчылыгын жана анын өлкө ичиндеги позитивдүү - укуктук актыларын бекитүүгө жана мамлекеттер аралык мамилелерде мамлекеттен жогорку башталыштарды күчөтүүгө карата тенденциялар байкалууда» [11] деп белгиленет.

Либертардык-юридикалык концепциянын нугунда мындай кырдаал «мамлекеттин жана позитивдүү укуктун табигый укуктун алдындагы капитуляциясы жана мамлекеттик эгемендүүлүктүн мамлекеттик түзүмдөрдүн пайдасына чектөөсү катары эмес,

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



мамлекеттик эгемендүүлүктүн мурдагы күч концепциясынан мамлекеттик эгемендүүлүктүн азыркы укуктук концепциясына өтүү шартындагы формалдуу теңдик принцибинин жалпы укуктук негизинде табигый укук менен мамлекеттин (анын позитивдүү укугу менен) ортосундагы акылга сыярлык компромиссти издөө катары чечмеленет. Бул мааниде мамлекеттер тарабынан өз ыйгарым укуктарынын бир бөлүгүн мамлекеттер аралык бирикмелерге жана түзүмдөргө эл аралык келишимдерге ылайык (эл аралык укуктун субъекттери катары алардын формалдуу тең укуктуулук принциптеринин талаптарын сактоо менен) ыктыярдуу өткөрүп берүү эгемендиктин чектелишин эмес, мамлекеттик эгемендиктин укуктук концепциясынын алкагында өздөрүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруунун адекваттуу жана тиешелүү формаларынын бирин гана билдирет» [12].

Батыш адабиятында мамлекеттин эгемендүүлүгү менен эл аралык укуктун дал келбестиги тууралуу кеңири тараган көз караштарды жокко чыгаруу аракетинде, профессор И.И. Лукашук мындайча ой жүгүрткөн: «Мамлекеттер өзүнүн эгемендүүлүк бийлиги менен эл аралык укукту жаратат жана анын ишке ашырылышын камсыз кылат. Өз кезегинде, эл аралык укук эгемендүүлүктүн кепилдиги катары кызмат кылат. Ошондой эле адам эркиндиги катары гана укуктун алкагында камсыз болот, ошону менен бирге эле, эгемендүүлүк эл аралык укуктук тартип шартындагы бардык мамлекеттер үчүн гана реалдуу болушу мүмкүн» [13] - дейт өз көз карашында. Профессор Ю.А. Тихомиров муну «мамлекеттердин өз алдынчалыгынын жаңы чарасы» [14] - деп атаган. Өзүнүн ыйгарым укуктарынын бир бөлүгүн эл аралык уюмдарга жана башка мамлекеттик институттарга өткөрүп берүү менен мамлекет муну менен бирге мамлекеттер аралык бирикмелердин чечимдеринин долбоорлорун талкуулоого катышууга, сунуштарды киргизүүгө, чечимдерди кабыл алууга катышууга, бул уюмга мүчөлүктүн ар кандай артыкчылыктарын пайдаланууга, ошондой эле улуттук кызыкчылыктарды укуктук коргоого мүмкүнчүлүк алат. «Мунун баары укуктук эгемендиктин кепилдигин бекемдейт» [15]. Ушундай эле пикирди Н.А.Ушаков да карманып, «мамлекеттердин тышкы саясий иш-аракеттеринин эркиндигинин эл аралык укуктук чегин белгилөө-эгемендүүлүктү чектөө эмес, тескерисинче, эл аралык мамилелерде мамлекеттик көз карандысыздыкты бекитүү болуп эсептелет» деп белгилейт өз көз карашында [16].

Ал эми: «мамлекеттик эгемендүүлүк» – алгач саясий кубулуш катары пайда болгон, андан кийин укуктук кубулуштун өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон татаал түшүнүк болуп эсептелет. Муну менен бирге эле Мамлекеттик эгемендүүлүк постклассикалык доордо концептуалдык жана практикалык жактан талашка түшкөн. Анын мазмуну боюнча бир дагы туура пикир болушу мүмкүн эмес эле. Бул убакыттын өтүшү менен эгемендиктин өзүн өзгөртүүгө алып келген, эгемендүүлүккө карата таасир этүүчү факторлордун системасынын өзгөргөндүгүнө байланыштуу болгон. Мамлекеттик эгемендүүлүк тарыхый жана социалдык-маданий жактан контексттештирилген.

А.Д. Урматова, өзүнүн көз карашында: «Юридикалык терминологияны бир беткей колдонуу жана терминдин бир гана мааниси колдонуу, аны бирдей кабыл алууга жана бирдиктүү түрдө чечмелөөгө мүмкүндүк берет. Ошондуктан ченемдик укуктук жазма буйруктардын сырткы чагылдырылышынын үстүндө иштөө процессиндеги сөздөрдүн бир эле учурдагы ар кандай синонимдүүлүгүн жана көп манилүүлүгүн колдонуу тексттеги белгилүү бир деңгээлдеги маанисин түшүнүүдө катачылыктарды жаратат. Терминологияны ирээтке келтирүү, башкача айтканда, мындай системанын ар бир термининин маанисинин түшүнүктөрүн фиксациялоо, терминдердин бир маанилүүлүгүн белгилейт. Ошондуктан лингвистикалык чөйрөдөгү терминологияга коюлуучу талаптарды эң маанилүү жана борбордук маселелеринин бири бирдейлештирилген маанидеги жана бир маанини билдирген терминдерди колдонуу болуп саналат» - [17] деп белгилейт. Ар би р термин өз орду менен маанимазмунуна жараша колдонулушу керек экендигин өз макаласында көрсөтөт.

Ал эми «Эгемендик» же «суверенитет» сөзүнүн өзү (англисче sovereignty, нем. Souveränität; фр. souveraineté) эски француз «sovereigns» сөзүнө көңүл бөлсөк – «жогорку бийлик же бийлик үстөмдүгү» деген латын тилинен келип чыккан юридикалык терминдердин көпчүлүгү сыяктуу эле колдонулган.

Жыйынтыктап айтканда, Эгемендүүлүк же болбосо суверенитет мамлекеттик мыйзамдардагы эгемендиктин бардык негиздерин бекемдөөдө өзүнө жогорку жана көз карандысыз мамлекеттик бийликтин өз эрки менен өз алдынча башкаруусун жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн камтыган бирдиктүү саясий мазмунун аныктаган мамлекеттин ажырагыс белгиси болуп саналат.

Мамлекеттин эгемендүүлүгү – мамлекеттин өз функцияларын ошол мамлекеттин аймагында жана анын чегинен тышкары жерлерде, ошондой эле, эл аралык аренада өз алдынча жана башка өлкөлөргө көз карандысыз жүзөгө ашыруу сапаты болуп саналат.

Ошол эле учурда К.А. Уметов өзүнүн көз карашында: «Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн укуктук негиздерин калыбына келтирүү Эгемендик теориясын теориялык-укуктук жана практикалык жактан концептуалдаштыруу процессин камтыйт. Ушундай көз карашта гана цивилизациялуу укуктук мамилелер үчүн зарыл болгон укуктук аң-сезимдин калыптанышы мүмкүн деп айтсак болот. Эгемендүүлүк түшүнүгү анын көптөгөн аныктамаларын кабыл алууга мүмкүнчүлүк

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



берүү менен абдан кеңири түрдө чечмеленет.

Мындай категория Советтик юриспруденцияда тигил же бул тараптан каралган:

- биринчиден, мамлекеттик бийликтин менчиги катары;
- экинчиден, бир гана таптык мүнөздөгү мамлекеттик бийликтин белгиси катары. Таптык мамилеге сугарылган мындай методологиялык база «эгемендик» категориясынын юридикалык табиятын объективдүү талдоо мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарды.

Эл мамлекеттин эгемендүүлүгүн мыйзамдаштыруунун жогорку жана толук формасы болуп саналат. Улуттун эгемендүүлүктү белгилүү бир тарыхый аймакта калыптанган жана тигил же бул коомдун негизин түзгөн элдин эгемендиги үчүн негиз болуп саналат, ал эми, анын эркин өз тагдырын өзү аныктоосунун натыйжасында мамлекеттүүлүктүн тигил же бул саясий мүнөзү белгиленет» - деп белгилейт [18].

Чындыгында ра бир эмгек өз мезгили үчүн абдан баалуу болуп саналат.

Урматова А.Д. өзүнүн көз карашында: «Ал эми бул эмгектер азыркы учурдагы укук тилин канчалык денгээлде байыта алганын жана канчалык денгээлде укук терминдери бир түргө келтирилип берилгени жөнүндө айтылчу сөз башка, ошондой болсо да, булардын жарык көрүшү бүгүнкү күндүн заманбап талабына жараша жакшы жышаан экенин тануугa болбойт. Ошону менен катар бир топ так эместиктер да орун алганын баамдоого болот» [19] - болот деп белгилейт.

Ааламдашуу мамлекеттин негизине жана мамлекеттин эгемендигине күчтүү чакырык таштайт. Мунун баары заманбап мезгилдеги мамлекеттин ролун кайра карап чыгууга мажбурлайт. Ааламдашуу күчөгөн сайын мамлекеттер ички жана тышкы саясатта тышкы кийлигишүүлөргө жана кысымдарга көбүрөөк дуушар болушат.

Ошентип, ааламдашуу процесси мамлекеттин өнүгүшүндөгү мамлекеттин эгемендүүлүгүнө карата ички жана тышкы саясатта таасирин тийгизип олуттуу өзгөрүүлөргө алып келет.

*Автор эгемендүүлүк абсолюттук мүнөздө эмес, салыштырмалуу, чектелген жана конвенциялык мүнөзгө ээ деген жыйынтыкка келет.*

**Адабияттар:**


1. Урматова А.Д. Некоторые вопросы унификации терминологии, используемой в законодательстве. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана №12, 2016. - С. 157-159.
2. Боден Ж. Шесть книг о государстве // Антология мировой правовой мысли: в 5 т. Т.1, 8. - М., 1999.
3. Franklin J.M. On sovereignty: four chapters from the six books of the commonwealth. Cambridge, 1992. P. XV. Ibid. P. 2-3.
4. Палиенко Н.И. Суверенитет. Историческое развитие идеи суверенитета и ее правовое значение. - Ярославль, 1903. - С. 88.
5. Мусихин Г.И. Классификация теорий суверенитета как попытка преодоления «концептуального эгоизма» // Общественные науки и современность. - 2010. - № 1. - С. 70
6. Терехов К.И. Государственный суверенитет государств — членов Европейского Союза в свете проекта Конституции ЕС // Российское правоведение: трибуна молодого ученого: сб. статей / отв. ред. В.А. Уткин. - Томск, 2007. - Вып. 7. - С. 46-48.
7. Guehenno J. The End of the Nation State. University Of Minnesota Press, 2000; Ohmae K. The End of the Nation State. New York, 1996; Held D., McGrew A., Goldblatt D., Perraton J. Global Transformations: Politics, Economics and Culture. New York, 1999, etc.
8. Anand R. International Law and the Developing Countries. N. Delhi, 1986; Sassen S. Losing control? Sovereignty in an age of globalization. Library of Congress, Columbia University Press, 1996;
9. Зорькин В. Апология Вестфальской системы // Россия в глобальной политике. Т. 2. 2005. № 5. 2005.
10. Лукашук И.И. Глобализация, государство, право, XXI век. - М., 2000.
11. Нерсесянц В.С. Процессы универсализации права и государств в глобализирующемся мире // Государство и право. 2005. - № 5.
12. Нерсесянц В.С. Процессы универсализации права и государств в глобализирующемся мире. - С. 46.
13. Нерсесянц В.С. Процессы универсализации права и государств в глобализирующемся мире. – 2005. - С. 46.
14. American Journal of International Law. 1950. N 1. P. 276.
15. Janis M. An Introduction to International Law. Boston, 1993. P.151).
16. Тихомиров Ю.А. Правовой суверенитет: сферы и гарантии // Журнал российского права. 2013. № 3 (195). - С. 5.
17. Тихомиров Ю.А. Правовой суверенитет: сферы и гарантии // Журнал российского права. 2013. № 3 (195). - С. 5.
18. Ушаков Н.А. Суверенитет в современном международном праве. - М., 1963. - С. 76.
19. Урматова А.Д. Нормативная правовая терминология. // Таврический научный обозреватель №2(19) - февраль 2017. www.tavr.science
20. Умаетов К.А. Суверенитет как правовая основа кыргызской государственности. // КМЮА - Вестник 2011г. №1, с. 21-33.